## • Исхак Раззаковдун 100 жылдыгына арналат

**Элибиздин улуу инсаны Исхак Раззаковдун өрнөктүү өмүрү жана ишмердиги жөнүндө көп айтылды. Дагы айтылат. Тарыхый жетекчибиздин ата-мекенине, элине кылган кызматы ага толук татыктуу. Өмүр таржымалына көз чаптырсак, ата-энесинен эрте ажыраган бала Тажик жана Өзбек республикаларынын балдар үйлөрүндө тарбияланган. Ал 1929-жылы Ташкенттеги Педтехникумду жана 1936-жылы Москвадагы Пландоо-экономикалык институтун артыкчылык дипломдору менен аяктап, эмгек жолун Самаркандагы Педтехникумда мугалимдиктен баштаган.**

# НУКУРА МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕРДИН ҮЛГҮСҮ



Өз убагында келечектеги Өзбекстандын биринчи катчысы Ш.Р.Рашидовду да окуткан. Кажыбас эмгекчилдигинен, терең билимдүүлүгүнөн, табият берген таланттуулугунан кызматтык карьерасы абдан тез өскөн.

Мампландын төрагасы, Агартуу министри, өкмөттүн төрагасынын орун басары, Өзбекстандын Борбордук Комитетинин секретары жана бюро мүчөлүгүнө чейин көтөрүлгөн. Өзбекстандын агартуу, пландоо, экономикалык тармактарындагы көптөгөн иштерди бүтүргөн. Адабиятты абдан жакшы билген.

Чеховдун чыгармаларын өзбек тилине которгон. Окуу жайлары үчүн методикалык китептерди жазган.

Улуу жетекчи И.Сталин аны отуз төрт жашында 1945-жылы Кыргызстандын өкмөтүнүн төрагасы (совнаркомдун председатели) кылып дайындаган. Республикада согуштан кийинки абал өтө оор болгон. Өзгөчө чарба адистери, врачтар, мугалимдер жетишпеген. Анын ичинде кыргыз кадрлары да өтө аз санда болгон.

И.Раззаковдун партиянын 5-съездинде сүйлөгөн сөзүнөн (13-февраль 1949-ж. котор.): "Айыл чарба тармагында жогорку билимдүү кыргыздардан 4 агроном, 8 зоотехник, 4 ветврач, 2 инженер-ирригатор, бир дагы механик болгон эмес.

Өнөр жай ишканаларында бир дагы жогорку билимдүү кыргыз иштеген эмес. Медицина тармагында 26 врач, мектептерде болгону 54 гана жогорку билимдүү кыргыз иштеген. Аспирантурада 24 гана кыргыз жаштары окушкан. Ал эми ошол убакта республикада 1601 мектеп болгон. Анда 250 миң окуучу окуган. Мугалимдердин жетишпегендигинен балдардын билим деңгээли өтө төмөн эле.

Мисалы, 1946-жылы Мединститутка 150 кыргыз мектептеринин бүтүрүүчүсү тапшырса, үчөө гана канааттандырарлык баа алган".

И.Раззаков экономика, пландоо маселелерин беш колундай билген. Ал экономика илимдеринин кандидаты болгон.

Эл чарбасынын бардык тармактары боюнча, ошондой эле агартуу, медицина, маданият, адабият маселелерин Москвадагы бийликке өз учурунда кое билген жана чечилишине жетише алган. Кыргыз элинин руханий байлыгы болгон улуу эпосубуз «Манасты» изилдөө ишин мамлекеттик деңгээлде жүргүзө баштаган. Эпосту жаздырып алууну түздөн-түз жетекчиликке алган.

Изилдөө иштерине союздун ар кайсы шаарларынан чоң окумуштууларды, түркологдорду, жазуучуларды тарттырган.

И.Раззаков "Манас" эпосунун 1100 жылдыгын өткөрүү боюнча 1946-жылы 25-июнда И.Сталинге кыргыз өкмөтүнүн расмий өтүнүчү менен кайрылган. 1952-жылы "Манас" эпосун жергиликтүү жана борбордук «интернационалисттерден» илимий-конференцияда коргоп кала алган.

И.Раззаков улуттук идеологиянын башатын тил түзөөрүн эң сонун билген. Кыргыз тилин өнүктүрүү, өстүрүү боюнча (борбордук бийликтен эч коркпостон) болуп көрбөгөндөй иштерди жүргүзгөн. Бардык мектептер үчүн кыргыз тили атайы сабак катары киргизилген. Мекеме-ишканаларда кыргыз тилин үйрөтүү боюнча бир катар иштер жүргүзүлгөн. Борбордо кыргыз мектеби ачылган. Мектептерде кыргыз тили сабактарынын сааттары көбөйтүлгөн.

1953-жылдан баштап Москва, Ленинград ж.б. шаарларындагы жогорку окуу жайларына кыргыз жаштары үчүн конкурссуз 110 орун алууга жетишкен. И.Раззаковдун жетекчилиги менен Илимдер Академиясы, Улуттук университет, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык, Дене-тарбия институттары ачылган.

1954-жылы Орто Азияда биринчи болуп Политехникалык институтун ачтырган. Ошондой эле Ош, Пржевальск Пединституттары, авто-жолдор, соода, медициналык, машина куруу жана башка ондогон атайын орто окуу жайлары ачылган.

Кыргызстандын ар кайсы аймактарында Майлы-Суу, Миң-Куш, Кажы-Сай, Кара-Көл, Кант, Рыбачье, Ак-Түз, Кочкор-Ата, Кош-Тегирмен, Көк-Жаңгак, Хайдаркан, Орловка сыяктуу шаарлар жана шаар тибиндеги поселектор өсүп чыккан. Ошол жылдары Кант-Рыбачье темир жолу, Чоң Чүй каналы, Төө Ашуу жолу, Орто-Токой, Папан, Киров, Төрт-Көл суу сактагычтары ишке берилген жана курула баштаган. ТЭЦ, Ленин, Фрунзе, Кыргызавтомаш, Тяжэлектромаш, физприбор, Айнек, Комволдук комбинат, Ош насос, ж.б, чоң ишканалар ишке киргизилген.

Ошондой эле телевизиондук станция, троллейбус линиясы курулуп бүткөн.

1955-жылы Нарын дарыясына курулган алгачкы «Үч-Коргон» ГЭСинин пайдубалына өз колу менен таш салган. Дарыяга курула турган Токтогул жана башка ГЭСтерди СССРдин беш жылдык пландарына киргизүүгө жетишкен.

Улуу инсандын «Сен ак болсоң, мен ак болсом коом да таза болот» деген учкул сөзү баардык учурда маанисин жоготпойт. И.Раззаков кызматтан Сталиндин душманы Н.Хрущев жана «хрущевчулар» тарабынан 1961-жылы 51 жашында эч негизсиз улутчул деп кызматтан алынган. Борбордук тоталитардык бийлик республикада гана эмес жалпы Орто Азияда өтө кадыр-барктуу, күчтүү, өз алдынча иш жүргүзгөн саясий ишмердин болушун каалаган эмес.

И.Раззаков борбордук бийликтин оту менен кирип, күлү менен чыгып жүрө берсе кызматтан эч түшмөк эмес. Тазалыктын, мамлекеттик саясий ишмердиктин эталону болгон улуу инсан андай пастык ишке барган жок.

Кыргыз эли үчүн башын сайып коюп иштеген улуу жетекчибиздин быйыл 100 жылдык маарекеси өтүүдө. Тарыхый улуу жетекчибизге кыргыз элинин Баатыры наамы берилип, борбордун бир району анын ысымын алса тарыхый калыстык болоор эле.

**Жолдошбек СТАМАЛИЕВ,**
*Жумгал району*